ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 339.56.055 DOI:10.35803/1694-5298.2022.2.763-768

**БАПАЛИЕВ К.О., МАШАЕВА А.Т.**
[1]КГУСТА им. Н. Исанова, Бишкек, Кыргызская Республика

**BAPALIEV K.O., MASHAEVA A.T.**
[1]KSUCTA n.a. N. Isanov, Bishkek, Kyrgyz Republic
kalybek72@mail.ru aivara7979@mail.ru

# ИРИ ӨЛКӨЛӨРДҮН СООДА ТИРЕШҮҮСҮ: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ИШКЕРДҮҮЛҮГҮ

# БИТВА ТИТАНОВ: ВНЕШНЕЭКОНОМИЧЕСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# BATTLE OF THE TITANS: FOREIGN ECONOMIC ACTIVITY OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*Бүгүнкү күндө өлкө аралык соода-сатык болуп көрбөгөндөй эбегейсиз ири көлөмгө жеткен, б.а. экспорттун жалпы дүйнөлүк көлөмү 2020-жылы 16,9 трлн долларды (АКШ) түзгөн болсо, ал эми импорттун көлөмү 17,1 трлн долларды (АКШ) түзгөн[1].*

*Бул макалада дүйнөлүк соода-сатыктын эн ири өлкөлөрүнүн ортосундагы 2016-жылы башталган тирешүүсү каралган. Дүйнөлүк соода-сатыктын эн ири катышуучулары болуп Кытай ЭлРеспубликасы жана Америка Кошмо Штаттары саналат. Дүйнөлүк соода-сатыктын өнүгүүсү Кытай ЭлРеспубликасы менен Америка Кошмо штаттарынын ортосундагы тирешүүгө түздөн-түз көз каранды, анткени Кытай ЭлРеспубликасы экспорттун көлөмү боюнча биринчи, ал эми импорттун көлөмү боюнча экинчи орунду ээлейт. Ошол эле учурда Америка Кошмо Штаттынын экспорттунун көлөмү боюнча экинчи, ал эми импорттун көлөмү боюнча биринчи орунда турат.*

*Кытай ЭлРеспубликасы менен Америка Кошмо Штаттарыны ортосундагы тирешүү үчүнчү өлкөлөр үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү жаратуусу каралган жана ошол мүмкүнчүлүктөрдү Кыргыз Республикасы канчалык денгээлде колдоно алган.*

***Өзөк сөздөр:** дүйнөлүк соода-сатык, Кытай Эл Республикасы, Америка Кошмо Штаттары, экспорт, импорт, дүйнөлүк экспорттун көлөмү, дүйнөлүк импорттун көлөмү.*

*На сегодняшний день международная торговля достиг небывалых вершин, другими словами в 2020 году объем экспорта составил 16,9 трлн. Долларов (США), а импорт составил 17,1 трлн. Долларов (США).*

*В данной статье рассмотрены наявавшаяся в 2016 году торговая битва двух крупных игроков международной торговли. Крупными игроками международной торговли являются Китайская Народная Республика и Соединенные Штаты Америки. Развитие международной торговли напрямую зависит от взаимоотношении Китайской Народной Республики и Соединенных Штатов Америки, так как по объему экспорта Китайская Народная Республика занимает первое, а по объему импорта второе место. В то же время Соединенные Штаты Америки занимает по объему импорта первое и по объему экспорта второе место.*

*Торговая битва Китайской Народной Республики и Соединенных Штатов Америки открывает возможности для развития международной торговли третим сторонам, каким образом воспользовался такой возможностью Кыргызская Республика.*

***Ключевые слова:** международная торговля, Китайская Народная Республика, Соединенные Штаты Америки, экспорт, импорт, объем экспорта международной торговли, объем импорта международной торговли.*

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

*To date, international trade has reached unprecedented peaks, in other words, in 202 the volume of exports amounted to 16.9 trillion. dollars (US), and imports amounted to 17.1 trillion. dollars (USA).*

*This article discusses the trade battle that began in 2016 between two major players in international trade. Major players in international trade are the People's Republic of China and the United States of America. The development of international trade directly depends on the relationship between the People's Republic of China and the United States of America, since the People's Republic of China ranks first in terms of exports and second in terms of imports. At the same time, the United States of America ranks first in terms of imports and second in terms of exports.*

*The trade battle between the People's Republic of China and the United States of America opens up opportunities for the development of international trade to third parties, as the Kyrgyz Republic took advantage of this opportunity.*

***Key words:*** *international trade, People's Republic of China, United States of America, export, import, international trade export volume, international trade import volume.*

**Киришүү.** Кытай Эл Республикасы менен Америка Кошмо Штаттарынын ортосундагы соода-сатык тирешүүсү Дональд Трамптын президенттик орунга ат салышуусундагы программасында 2016-жылы башталган. Анын айтуусу боюнча Кытай Эл Республикасынан Америка Кошмо Штаттарына ири көлөмдө импорт ташып келип, экспорттун көлөмү жетишсиз болгондуктан Америка Кошмо Штаттарынын соода-сатык дефицити пайда болгон[2].

Бул эки ири өлкөнүн тирешүүсү дүйнөлүк соода-сатык базарына өз зыяны менен бирге, башка өлкөлөргө соода-сатыктын көлөмүн көбөйтүүгө шарт түздү. Анткени эки өлкөнүн тирешүүсүнөн пайда болгон соода-сатык боштугун өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө толтурууга жол ачты.

Ушул макаланын алкагында жүргүзүлгөн изилдөө салыштырмалуу жана абсалюттук ыкмалардын жардамы менен жүргүзүлгөн.

**Макаланын максаты** Кытай Эл Республикасы менен Америка Кошмо Штаттарынын ортосундагы соода-сатык тирешүүсүнөн Кыргыз Республикасынын тышкы соода-сатык жүгүртүүсү канчалык деңгээлде өскөнүн жана Кыргыз Республикасынын экономикасына эки ири өлкөнүн соода-сатык тирешүүсүнүн таасирин аныктоо.

**Аналитикалык бөлүм.** International Trade Center-дин маалыматы боюнча 2016-жылы Кытай ЭлРеспубликасынан Америка Кошмо Штаттарына импорттун көлөмү 481,5 млрд. доллар (АКШ) болсо, ал эми Америка Кошмо Штаттарынан Кытай Эл Республикасына экспорттун көлөмү болгону 115,5 млрд. долларды (АКШ) түзгөн, башкача айтканда Америка Кошмо Штаттарынын соода-сатык дефицити 2016-жылы 366 млрд. долларды (АКШ) түзгөн.

Соода-сатык дефицитти жоюу максатында Америка Кошмо Штаттары 2018-жыл Кытай Эл Республикасынан импорттолуп келип жаткан күн батареяларына 30 % бажы пошлинасын, ал эми болотко 25 % жана алюминийге 10 % киргизген.

Кытай Эл Республикасы жооп катары ошол эле жылы Америка Кошмо Штаттарынан келип жаткан 128 түрдүү товарларга бажы пошлинасын, башкача айтканды жер-жемиштерге жана шарапка 15 %, чочконун этине 25 % жогорулаткан.

Андан сырткары Америка Кошмо Штаттары 2018-жылдын апрель айынан тартып 1300 аталыштагы товарларга бажы пошлинасын 25 % га көтөргөн. Анын ичинде, электроника, учактын тетиктери, спутник, үн алгы жабдыктары, медициналык жабдыктар жана башкалар бар.

2018-жылдын июль айында Америка Кошмо Штаттары жалпы суммасы 34 млрд. долларды (АКШ) түзгөн Кытай Эл Республикасынан импорттолуп келип жаткан товарларга 25 % бажы пошлинасын киргизген. Кытай Эл Республикасы ошондой эле көлөмдөгү Америкадан келип жаткан товарларга жооп катары 25 % бажы пошлинасын киргизген.

2018-жылдын август айында АКШ жалпы суммасы 16 млрд. долларды (АКШ) түзгөн кытай товарларына кошумча 25 % бажы пошлинасын киргизген. Ошол эле айда

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Кытай Эл Республикасы жооп катары жалпы суммасы 16 млрд. долларды (АКШ) түзг... Америка товарларына кошумча бажы пошлинасын киргизет.

2018-жылдын сентябрь айында Америка Кошмо Штаттары Кытай Эл Республикасынан ташылып келип жаткан жалпы көлөмү 200 млрд. долларды (АКШ) түзгөн товарларга кошумча 10 % бажы пошлиналарын киргизген, ал эми Кытай Эл Республикасы жооп катары 5-10 % аралыгында Америка Кошмо Штаттарынан ташылып келип жаткан жалпы көлөмү 60 млрд. долларды (АКШ) түзгөн товарларга кошумча бажы пошлиналарын киргизген.

Соода-сатык тирешүүсүнүн негизинде 2018-жылкы Кытай Эл Республикасынан Америка Кошмо Штаттарына эскпорттолгон товарлардын жалпы көлөмү 478 млрд. долларды (АКШ), ал эми Америка Кошмо Штаттарынан Кытай Эл Республикасына экспорттун көлөмү 155 млрд. долларды (АКШ) түзгөн, башкача айтканда Америка Кошмо Штаттарынын соода-сатык дефицити 323 млрд. долларды (АКШ) түздү.

Америка Кошмо Штаттарынын 2018-жылдагы соода-сатык дефицити (323 млрд. доллар (АКШ)) 2016-жылдын дефицитине (366 млрд. доллар (АКШ) салыштырмалуу 43 млрд. долларга (АКШ) азайган.

2019-жылы Америка Кошмо Штаттары Кытай Эл Республикасынын товарларына бажы пошлинасын андан ары күчөтүп, 10 % бажы пошлиналарын 15 % га, ал эми 25 % тик бажы пошлиналарын 30 %- га чейин көтөргөн.

2019-жылы Кытай Эл Республикасы Америка Кошмо Штаттарына 418,5 млрд. доллар көлөмүнө барабар товарды экспорттоого жетишкен, бул көрсөткүч 2018-жылга салыштырмалуу (478 млрд. доллар) 59,5 млрд. долларга кем, ал эми Кытай Эл Республикасы Америка Кошмо Штаттарынан 122,7 млрд. доллар көлөмдөгү товарды импорттогон, башкача айтканда эки өлкөнүн тирешүүсүнүн натыйжасында сооданын көлөмү төмөндөө менен бирге Америка Кошмо Штаттарынын дефицити 295,8 млрд. долларга чейин төмөндөгөн.

Дүйнөлүк соода-сатыктын эң ири өлкөлөрүнө Кытай Эл Республикасы менен Америка Кошмо Штаттарын киргизүүгө болот. Кытай Эл Республикасынын экспорту 2020-жылы 2,59 трлн долларды түзсө, ал эми импорту 2,05трлн долларды түзгөн. Америка Кошмо Штаттынын экспорту 2020-жылы 1,43 трлн долларды түзүп, ал эми импорту 2,4 трлн долларды түзгөн. Эгерде экспорттун жалпы дүйнөлүк көлөмү 2020-жылы 16,9 трлн долларды түзгөн болсо, ал эми импорттун көлөмү 17,1 трлн долларды түзгөн[1]. Муну менен эмнени айтмакчыбыз, Кытай Эл Республикасынын экспортунун көлөмү дүйнөлүк экспорттун көлөмүнүн 15,2%ын түзөт, ал эми импортунун көлөмү дүйнөлүк импорттун көлөмүнүн 12 %ын түзөт, башкача атканда экспорттук көрсөткүч боюнча Кытай Эл Республикасы биринчи, ал эми импорттунун көлөмү боюнча экинчи орунда турат дегенди билдирет. Ошол эле учурда Америка Кошмо Штаттынын экспорттунун көлөмү дүйнөлүк экспорттун көлөмүнүн 8,42% түзүп, ал эми импорттунун көлөмү дүйнөлүк импорттун көлөмүнүн 14 % түзгөн, башкача айтканда экспорт боюнча экинчи, ал эми импорт боюнча биринчи орунда турат.

2020-жылы Кытай Эл Республикасы Америка Кошмо Штаттарына 452 млрд. доллар көлөмүндө экспорт жүргүзүп, ал эми Америка Кошмо Штаттары Кытай Эл Республикасына 144,63 млрд. долларга өз товарын экспорттогон. Америка Кошмо Штаттарынын соода-сатык дефицити 307,37 млрд. долларды түзүп 2019-жылга салыштырмалуу 11,57 млрд. долларга өскөн.

2021-жылы пандемиянын катуу соккусунан кийин эки ири өлкөнүн ортосундагы соода-сатык алакасы бир топ өскөн, башкача айтканда Америка менен Кытай өлкөлөрүнүн ортосундагы товар жүгүртүүсү 2020-жылга салыштырмалуу 28,7 % га өскөн.

Кытай өлкөсү 2021-жылы Америкага 576,114 млрд. доллар көлөмүндө товар сатып, Америкадан 179,53 млрд. долларга товар сатып алган. Американын соода-сатык дефицити 2021-жылы 396,584 млрд. долларды түзгөн.

Бул соода-сатык тирешүүгө чейинки Америка Кошмо Штаттарынын соода-сатык дефицитинен 30,584 млрд. долларга көп дегенди билгизет. Мунун орчундуу себептеринин бири Америка Кошмо Штаттындагы 2020-жылда Президенттин алмашуусу жана Америка Кошмо Штаттары менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы тирешүүнү басандатуу тууралуу келишимдер деп айтсак жаңылышпайбыз.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Эки ири өлкөнүн ортосундагы соода-сатык тирешүүсүнүн Кыргыз Республикасынын тышкы соода-сатык көлөмүнө тийгизген таасирин 1- таблицаны карап көрөлү.

1-Таблица. Кыргыз Республикасынын 2016-2021-жылдардагы тышкы соода-сатык көрсөткүчтөрү, млрд. доллар (АКШ) [3].

| Көрсөткүчтөр | 2016-жыл | 2017-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл | 2020-жыл | 2021-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын тышкы соода-сатыгы | 5,57 | 6,26 | 7,13 | 6,97 | 5,65 | 7,23 |
| анын ичинде | | | | | | |
| Экспорттун көлөмү | 1,57 | 1,76 | 1,84 | 1,99 | 1,96 | 1,66 |
| Импорттун көлөмү | 4,00 | 4,49 | 5,29 | 4,99 | 3,68 | 5,57 |

Кыргыз Республикасынын тышкы соода-сатык көрсөрткүчтөрү 2016-жылдан 2018-жылга чейин туруктуу өсүү менен жүрүп отурган. Ал эми Кыргыз Республикасынын экспорттунун өсүү көрсөткүчтөрү 2016-жылдан 2019-жылга чейин созулган. 2019-жылдагы пандемиянын кесепетинен 2020-жылы импорттун жана экспорттун көлөмүнүн көрсөткүчтөрү жана жалпы тышкы соода-сатыктын көлөмү бир топ азайган, аны жогорудагы 1-таблицадан көрүүгө болот.

2021-жылы экономика пандемиянын басандашы менен 2018-жылдагы көрсөткүчкө чейин көтөрүлгөн, ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын импорту 2020-жылга салыштырмалуу 34 % га, ал эми 2018-жылга салыштырмалуу 5 % га өскөн. Кыргыз Республикасына кирип жаткан товарлардын (импорттун) өсүүсү менен Кыргыз Республикасынын соода-сатык дефицити да өскөн, б.а. 2021-жылы 2020-жылга салыштырмалуу 2,19 млрд. долларга, ал эми 2018-жылга салыштырмалуу 3,45 млрд. долларга өскөн. 2021-жылы Кыргыз Республикасынын экспортунун көлөмү 2016-жылдагы көрсөткүчкө чейин төмөндөгөн, б.а. экспорттун көлөмү 2016-жылы 1,57 млрд. долларды түзгөн болсо, 2021-жылы 0,09 млрд. долларга өсүп 1,66 млрд. долларды түзгөн. Мындай көрсөткүчтү 2020-жылдагы төңкөрүштүн жана пандемиянын залакасы деп билүү зарыл.

Кыргыз Республикасынын Америка Кошмо Штаттары жана Кытай Эл Республикасы менен болгон 2016-2021-жылдар аралыгында соода-сатык мамилесинин көрсөткүчтөрү 2-таблицада берилген.

2-Таблица. Кыргыз Республикасынын ири экономикалык уюмдар жана өлкөлөр менен болгон 2016-2021-жылдар аралыгындагы соода-сатык көрсөткүчтөрү, млрд.доллар (АКШ)[3].

| Көрсөткүчтөр | 2016-жыл | 2017-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл | 2020-жыл | 2021-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын тышкы соода-сатыгы | 5,57 | 6,26 | 7,13 | 6,97 | 5,65 | 7,23 |
| Анын ичинде | | | | | | |
| КМШ өлкөлөрү | 2,36 | 2,83 | 3,25 | 3,23 | 2,86 | 1,12 |

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| АКШ | 0,15 | 0,16 | 0,13 | 0,09 | 0,12 | 0,1 |
| Кытай ЭлРеспубликасы | 1,55 | 1,6 | 2,0 | 1,82 | 0,78 | 1,53 |

Кыргыз Республикасынын ири интеграциялык уюмдар жана эки ири өлкө менен соода-сатык алкасы 2-таблицада чагылдырылган.

Кыргыз Республикасынын КМШ өлкөлөрү менен болгон соода-сатык алакасы 2021—жылы 2016-жылга салыштырмалуу 1,2 млрд. долларга төмөндөгөн, ал эми АКШ өлкөсү менен болгон соода-сатык 0,05 млрд. долларга жана Кытай Эл Республикасы менен болгон соода сатык 0,02 млрд. долларга төмөндөгөн.

КМШ өлкөлөрү менен болгон соода-сатыктын эң жогорку көрсөткүчү 2018-жылы 3,25 млрд. долларга, Кытай Эл Республикасы менен 2,0 млрд. долларга жеткен, ал эми АКШ өлкөсү менен 2017-жылы соода-сатыктын эң жогорку көрсөткүчү 0,16 млрд. долларды түзгөн.

Кыргыз Республикасынын 2016-2021-жылдар аралыгындагы ири өлкөлөр менен болгон соода-сатык мамилесиндеги экспорттун жана импорттун көрсөткүчтөрү 3-таблицада көрсөтүлгөн.

3 - Таблица. Кыргыз Республикасынын КМШ, АКШ жана Кытай Эл Республикасы менен болгон соода-сатык алакасындагы экспорттун жана импорттун 2016-2021-жылдар аралыгындагы көрсөткүчтөрү, млрд. доллар (АКШ)[3].

| Көрсөткүчтөр | 2016-жыл | 2017-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл | 2020-жыл | 2021-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын экспортунун көлөмү | 1,57 | 1,76 | 1,84 | 1,99 | 1,96 | 1,66 |
| Анын ичинде | | | | | | |
| КМШ өлкөлөрүнө | 2,36 | 0,72 | 0,86 | 0,9 | 0,75 | 1,02 |
| АКШга | 0,0 | 0,001 | 0,002 | 0,003 | 0,003 | 0,004 |
| Кытай ЭлРеспубликасына | 0,081 | 0,097 | 0,061 | 0,081 | 0,043 | 0,064 |
| Кыргыз Республикасынын импортунун көлөмү | 4,0 | 4,5 | 5,3 | 4,9 | 3,7 | 5,6 |
| Анын ичинде | | | | | | |
| КМШ өлкөлөрүнөн | 1,75 | 2,08 | 2,39 | 2,37 | 2,14 | 3,04 |
| АКШнан | 0,15 | 0,155 | 0,128 | 0,09 | 0,12 | 0,1 |
| Кытай ЭлРеспубликасынан | 1,47 | 1,5 | 1,9 | 1,7 | 0,74 | 1,5 |

Кыргыз Республикасынын КМШ, АКШ жана Кытай Эл Республикасы менен болгон соода-сатык алакасындагы экспорттун жана импорттун 2016-2021-жылдар аралыгындагы көрсөткүчтөрүнө токтолсок: КМШ өлкөлөрүнө экспорттун көрсөткүчү 2021-жылы 2016-жылга салыштырмалуу 131,4 % -га төмөндөгөн, ал эми АКШ өлкөсүнө болгон экспорттун көлөмү тескерисинче жыл сайын өсүү менен 0,0 млрд. доллардан

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

0,004 млрд. долларга чейин өскөн, ошол эле учурда Кытай Эл Республикасы экспорттун көлөмү 0,082 млрд. доллардан 0,064 млрд. долларга чейин төмөндөгөн.

Ал эми КМШ өлкөлөрүнөн импорттолуп келип жаткан товарлардын көлөмү 2021-жылы 2016-жылга салыштырмалуу 1,6 млрд. долларга же 28,6 % га, Кытай Эл Республикасынан келген импорт 0,03 млрд. долларга же 2 % га өскөн, ал эми АКШдан импорттолгон товарландын көлөмү тескерисинче төмөндөгөн, б.а. импорт 0,05 млрд. долларга же 50 % га кыскарган.

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдагы соода-сатык дефицити КМШ өлкөлөрү менен 2,02 млрд. доллар, АКШ өлкөсү менен 0,096 млрд. доллар, ал эми Кытай Эл Республикасы менен 1,436 млрд. долларды түзгөн, б.а. КМШ өлкөлөрү менен болгон соода-сатык дефицити 198 % ды, АКШ менен болгон дефицит 2400 %, ал эми Кытай Эл Республикасы менен болгон дефицит 2243,7 % ды түзөт.

КМШ, АКШ жана Кытай Эл Республикасы менен болгон соода-сатык жүргүзүүдөгү импорт менен экспорттун салыштырмалуу көрсөткүчтөрү 4-таблицадан көрүүгө болот.

4-Таблица. КМШ, АКШ жана Кытай Эл Республикасынын Кыргыз Республикасынын тышкы соода-сатык жүргүзүүдөгү экспортунун жана импортунун салыштырмалуу көрсөткүчтөрү, % менен.

| Көрсөткучтөр | 2016-жыл | 2017-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл | 2020-жыл | 2021-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын экспортунун көлөмү | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| Анын ичинде | | | | | | |
| КМШ өлкөлөрүнө | 38,2 | 40,9 | 46,7 | 45,2 | 38,3 | 61,4 |
| АКШга | 0 | 0,06 | 0,11 | 0,15 | 0,15 | 0,24 |
| Кытай ЭлРеспубликасына | 5,2 | 5,5 | 3,3 | 4,1 | 2,2 | 3,9 |
| Кыргыз Республикасынын импортунун көлөмү | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| Анын ичинде | | | | | | |
| КМШ өлкөлөрүнөн | 43,75 | 2,08 | 2,39 | 2,37 | 2,14 | 3,04 |
| АКШнан | 3,8 | 3,4 | 2,4 | 1,8 | 3,2 | 1,8 |
| Кытай ЭлРеспубликасынан | 36,8 | 33,3 | 35,8 | 34,7 | 20,0 | 26,8 |

Кыргыз Республикасынан экспорттолуучу товарлардын топ башын алтын ээлейт, анткени анын көлөмү жалпы экспорттолуп жаткан товарлардын 50 % нан көбүрөөгүн түзөт, андан кийин башка баалуу металлдардын концентраттары, анын көлөмү 6-7 пайызды ээлеп келет, кийинки сапта кургатылган мөмө-жемиштер жана башкалар.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Ал эми Кыргыз Республикасына келип жаткан товарлардын топ башында нефть продуктулары, анын көлөмү жалпы импорттолуп жаткан товарлардын ондон ашык пайызын ээлесе, дары-дармектер 6-7 пайызды түзөт. Андан сырткары Кыргыз Республикасына оргтехникалар, автомобилдер жана башкалар кирет.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Кыргыз Республикасы 2021-жылы «2019 пандемиянын» жана 2020-жылдагы элдик төнкөрүштүн оор залакасынан кийин тышкы соода-сатык көрсөткүчү 2018-жылдын көрсөткүчүнө, ал эми экспорттун көлөмүнүн көрсөткүчү 2016-жылдын көрсөткүчүнө чыгып отурат. Жогорудагы изилдөөнүн жыйынтыгында эки ири өлкөнүн соода-сатык тирешүүсүнүн натыйжасында Кыргыз Республикасынын тышкы соода-сатык көрсөткүчтөрү жетиштүү түрдө өзгөргөн эмес. Ошого байланыштуу Кыргыз Республикасы эки ири өлкөгө керектүү товарларды өндүрбөйт жана өндүрүштү аз убакыттын ичинде керектүү нукка бура албайт деп баса белгилеп кетсек болот.

## Адабияттар тизмеси


1. https://trendeconomy.ru/
2. https://biteffect.net/ru/torgovaja-vojna-mezhdu-ssha-i-kitaem/
3. http://www.stat.kg/ Кыргызстан цифраларда.
4. https://1prime.ru/world/20220114/835773539.html